DOI:10.26104/IVK.2022.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2022

*Жороев А.К.*

# ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ФИЗИКА-МАТЕМАТИКА ФАКУЛЬТЕТИНИН ТАРЫХЫ

*Жороев А.К.*

# ИСТОРИЯ ФИЗИКО-МАТЕМАТИЧЕСКОГО ФАКУЛЬТЕТА КЫРГЫЗСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА ИМЕНИ ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВА

*A. Zhoroev*

# THE HISTORY OF THE FACULTY OF PHYSICS AND MATHEMATICS OF THE KYRGYZ STATE UNIVERSITY BY NAME OF ISHENALY ARABAEV

*УДК: 371.302.2+371.31*

*1952-2017-жылдар аралыгында, башкача айтканда бул 65 жыл аралыгында И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекетик университетинин курамындагы физика-математика факультети физика-математика мугалимдерин үзгүлтүксүз даярдап келе жаткан окуу жайы болуп эсептелет. Бул макала 1952-1991- жылдар аралыгында физика-математика мугалимдерин даярдоонун тарыхы жөнүндө маалымат берген. Кыргыз жаштарына жогорку билим берип, алардын да арасында математика илимине жөндөмдүү талапкерлерди, анын тар жана татаал жолун салган, ошол мезгилдеги бирден бир жогорку окуу жайы бологон Кыргыз аялдар педадогикалык институту (КАПИ) (азыркы И.Арабаев атындагы мамлекетик университети), кыргыз илиминин түптөлүүсүнө кошкон салымына баа жеткиз. Бул педогикалык институтунда улуу Ата-Мекен согушунан кийин 1952-жылдарынан баштап эле жогорку билимдүү адистер даярдала баштаган, биринчи кезекте педагогика багытындагы адистиктер. Алардын арасында «математик, математика мугалими» адистигине даярдоо дагы башталган эле. Мына ошондон баштап бүгүнкү күнгө чейин математика боюнча жогорку билимдүү, профессионалдуу адистерди даярдоо улантылып келүүдө жана ал өзүнүн татыктуу тарыхына ээ боло алды.*

***Негизги сөздөр:*** *физика, математика, жогорку билим, окутуучулар, факультет, математика илими, физика илими, профессионалдуу адистер, педагогикалык институт.*

*В период с 1952 по 2017 года, то есть в течение этих 65 лет, физико-математический факультет в составе Кыргызского государственного университета имени И.Арабаева является учебным заведением непрерывной подготовки учителей физики и математики. Эта статья предоставляет информацию об истории подготовки учителей физики и математики в период с 1952 по 1991 год. Единственное высшее учебное заведение того времени Кыргызский женский педагогический институт (КАПИ) (ныне Кыргызский государственный университет им. И.Арабаева), оцените вклад в становление кыргызской науки. В этом педагогическом институте уже после Великой Отечественной войны, начиная с 1952 г., стали готовить специалистов с высшим образованием, в первую очередь по специальностям педагогического профиля. Среди них была начата подготовка по специальности «математик, учитель математики». С тех пор и по сей день подготовка высококвалифицированных, профессиональных специалистов по математике продолжается и удалось получить свою достойную историю.*

***Ключевые слова:*** *физика, математика, высшее образование, преподаватели, факультет, математические науки, физические науки, профессиональные специалисты, педагогический институт.*

*In the period from 1952 to 2017, that is, during these 65 years, the Faculty of Physics and Mathematics as part of the Kyrgyz State University named after I.Arabaev is an educational institution for continuous training of teachers of physics and mathematics. This article provides information about the history of the training of teachers of physics and mathematics in the period from 1952 to 1991. The only higher educational institution of that time was the Kyrgyz Women's Pedagogical Institute (KAPI) (now the Kyrgyz State University named after I.Arabaev), evaluate the contribution to the formation of Kyrgyz science. After the Great Patriotic War, starting in 1952, specialists with higher education began to be trained at this pedagogical institute, primarily in the specialties of the pedagogical profile. Among them, training in the specialty «mathematician, teacher of mathematics» was started. Since then and to this day, the training of highly qualified, professional specialists in mathematics has continued and managed to get its worthy history.*

***Key words:*** *physics, mathematics, higher education, teachers, faculty, mathematical sciences, physical sciences, professional specialists, pedagogical institute.*

Улуу Ата Мекендик согуштун аяктоосу менен, 1950-жылдардын башында башка Республикалар сыяктуу эле мурдагы совет коомунун курамында турган Кыргызстандын жаштары үчүн дагы жогорку билимге жетишүү эң маанилүү маселелердин бири болгон. Билим алуу алкагында, анаын ичинде профессионалдуу жогорку билим алууда Кыргызстандык жаштардын арасында математика илимине жөндөмдүү талапкерлерди анын тар жана татаал жолуна салган, ошол мезгилдеги бирден-бир жогорку окуу жайы болгон аялдар Педагогикалык институту болуп эсептелген.

Кыргызстандын тарыхындагы эң чоң төрт окуу жайлардын бири болуп азыркы И. Арабаев атындагы мамлекеттик университети. СССР учурундагы Владимир Владимирович Маяковский атын алып жүргөн аялдар Педагогикалык институтун атоого болот. Ал 1952-жылдын 5-августундагы Кыргыз өкмөтүнүн чечими менен түзүлгөн «Кыргыз аялдар педадогикалык институту (КАПИ) 1952-1953-окуу жылында толук мамлекеттик каржылоонун негизинде биринчи курска 200 бүтүрүүчүнү кабыл алуу менен жогорку билимдүү мугалимдерди даярдоону баштаган. Анын ичинен физика-математика адистигине 50 студент кабыл алынган, филология бөлүмүнө 75 ( кыргыз тили жана адабиятына 25, орус тили жана адабиятына - 50), табигый билимдер бөлүмүнө - 25, география бөлүмүнө-25 жана тарых бөлүмүнө - 25 кыз-келиндер кабыл

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



алынып окутула баштаган. Окуу мөөнөтү 4 жыл болгон.

1926-жылы жүргүзүлгөн эл катоонун маалыматына таянсак Кыргызстандагы билимдүү аялдардын саны 7,4%ды түзүүсү ошол учурдагы аялдардын билим деңгээлинин кадай экендигин көргөзүп турат. Салыштырып көрө турган болсок 1939-жылы аялдардын билимдүү катмары 63% чейин жеткен.

Кыргызстанда Борбордук Азиядагы башка өлкөлөр сыяктуу эле физика-математика илимдери боюнча жогорку билимди 1930-жылдардын башынан алгач Фрунзедеги Педагогикалык Институтунда, кийинчерээк 1950-жылдардын башында ОшПИ, ПрПИ жана В.В. Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер Институтунда даярдай баштаган. Бул аралыктын ичинде физика жана математика илимдери боюнча миңдеген Кыргызстандыктар жогорку билимдүү кесипке ээ болушту жана алар негизинен мугалимдик кесипте эмгектеништи, азыр дагы эмгектенип келе жатышат. Ошондой эле физика-математика илимдерине сүңгүп киришип, анын ысык-суугуна батып келишкен кыргыздын чоң окумуштуулары дагы аз эмес. Бүгүнкү докладда 1950-жылдардын экинчи жарымынан кийинки аралыктагы Кыргызстандагы Математика илиминин Кыргызстандагы түптөлүшү жана анын өнүгүү жолуна кыскача хронологиялык билдирүү жасалмакчы. Бүгүнкү конференцияга катышып отурушкан окумуштуулардын көпчүлүгүнө малым болгондой, кыргыз жаштарына жогорку билим берип, алардын арасында математика илимине жөндөмдүү талапкерлерди илимдин татаал жолуна салган биринчи жогорку окуу жайы Фрунзедеги Педагогикалык Институту (азыркы УУ), ошондой эле 1958-жылы түзүлгөн УИАнын Математика Институту болуп эсептелет.

1968-жылы табигый илимдер факультети болуп түзүлүп ошол учурдун белгилүү окумуштуулары жана педагогдору эмгектенип жана көмөктөшкөн.

Окуу жайдын математика илиминин жаралуусуна, анын кийинки түптөлүүсүнө жана анын өркүндөп өсүүсүнө өздөрүнүн зор салымын кошкон инсандар төмөнкүлөр болушкан, алар: Р.С. Сыдыков, Г.А. Сухомлинов, А.И. Исхаков, Т.Ш. Сайфулин, Н.В. Филатов, А.Х. Ишбулатов, Ш.Х. Яр-Мухамедов, М.Т. Турусбеков, Ф.И. Половиков, В.А. Пичугин, Д.С. Саламатов, А.И. Искендеров, Р.У. Усубакунов, А.А. Айылчиев, Ч.Дж. Джаныбеков, О.Дж. Джолдошев, Ш.М. Майлиев, С.Кутманалиев, факультеттин деканы А.Р. Рыскуловдор иштешкен.

Ал эми окуу жайдын бүтүрүүчүлөрү өлкөбүздүн баардык аймактарында эл агатуу системасында математик мугалим болуп гана аталган окуу жайдын абройун көтөрүп жетекчилик жана коомдук кызматтарда дагы иштөө жөндөмдүүлүгүн көргөзө алышкандыгын белгилей кетели. Алар Үсөнова Вера Үсөновна – Фрунзе шаарынын Октябрь райкомунун катчысы, Джусаева Сагын-Тянь-Шань (Нарын району) районунун аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, Айтбаева Роза – Ош областык аткаруу комитетинин орун басары ж.б. Бул тизмени андан ары улай турган болсок жүздөгөн окуу жайдын бүтүрүүчүлөрү эл үчүн, өлкөбуз үчүн кызмат кылгандыгын көрүүгө болот.

Физика-математикалык факультети 4 кафедрадан: математикалык анализ, кафедра башчысы доцент А.И. Искендеров ф.-м.и.к. А.Р. Рыскулов, А.И. Искендеров, С.А. Аманжолова, Ш.А. Алиев, Дж.М. Молдобаев, К.Дж. Асылбекова ж.б. Алгебра жана геометрия кафедрасынын башчысы, доцент М.У. Мурзакматов, А.А. Айылчиев, окутуучулар О.С. Төлөбаев, М.Нурсеитов, У.К. Апарова, Ы.Кадырова ж.б. физика кафедра башчысы доцент ф.-м.и.к. М.Т.Токтогулов, ф.м.и.к. С.К. Кадыров, С.И. Артыкова, Р.Т. Айтматова; окутуучулар К.У. Утуров, С.Р. Ракымбаева, Б.К. Кудоярова, А.К. Калиева ж.б. математиканы окутуунун методикасы кафедрасынын башчысы доцент ф.-м.и.к. Ш.М. Майлиев доцент ф.-м.и.к. М.Дж. Джакыпбеков, А.Абдыкеримов окутуучулар, У.К. Капаров, К.Джолочиев, Р.Калыков, М.Доотаев ж.б. эмгектенишкенин айта кетүү керек деп ойлойм.

Кафедранын негизги предметтеринин катарына: математика, информатика, ЭЭМде программалоо, программалоонун ар түркүн ыкмалары, ППП, изилдөө операциясы, оптимизациялык методдор, экономикалык процесстерди моделдөө,системалык программалоо, операциялык система, системалык анализ, компьютердик жана информациялык технология сабактары кирет. Окуу процессинде үч инновациялык факторлор: билим илим жана өндүрүштүн бири-бири менен органикалык байланышкан системага айкалышы, ал сабак өтүүнүн методикасын жогорку деңгээлге көтөрөт.

Кафедрадагы иштеген окутуучулар өзүнүн сабактарын жакшы билген адистерден болуп эсептелинет, көпчүлүгү жогорку окуу жайында көп жылдардан бери иштеген тажрыйбалуу окутуучулар. Көпчүлүк мугалимдердин жарык көргөн окуу жана окуу-методикалык куралдары, студенттерди окутуу процессинде колдонулат.

Кафедра адистерди даярдоо боюнча өлкөбүздүн жана башка өлкөлөрдүн жогорку окуу жайлары менен

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



байланышта болуп, адистерди даярдоо жана студенттерди окутуунун алдыңкы методикалык технологиясын үйрөнүп, билим боюнча тажрыйба алмашат. Алардын катарына Республиканын улуттук академиясы, КГУСТА, И.Раззаков атындагы КТУ, Б.Ельцин атындагы КРСУ, МЭСИУ, Аль-Фараби атындагы КазГУ, Санкт-Петербург университети кирет.

Ал окутуунун стандарты боюнча кафедрада базалык жогорку билимдүү (бакалавр), толук жогорку билимдүү (дипломдуу адис жана магистрант) адистерди даярдоо жүргүзүлөт.

Ошол кездеги факультеттин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелинген алар: жогорку квалификациялуу орто мектептин математик мугалимдерин даярдоо, окуу методикалык кабинеттерди лабораторияларды түзүү милдети турган.

**Адабияттар:**


1. И.Арабаев атындагы мамлекетик университетинин Жарчысы 3-чыгарылышы. - Б., 2012. - 293-295-бб.
2. Татыбекова Ж. В вузе учатся только девушки. Фрунзе: Кыргызстан 1984. - С. 28-34
3. Асанакунов А.А., Мамаев Э.Ж., Усупова Н.С. Кузница педагогических кадров. - Бишкек, 2002. - С. 76.
4. Жороев А.К. История факультета математики и информационных технологий Иссык-Кульского государственного университета имени Касыма Тыныстанова. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. №. 4. С. 156-160.